**Жеке адамдар үчүн «Мөөнөттүү» депозитинин паспорту**

| | |
|---|---|
| **Продукт категориясы:** | **Жеке адамдар үчүн мөөнөттүү депозит** |
| **Артыкчылыктары** | Жеке адамдардын салымдарына жогорку чендер жана аларды ишенимдүү сактоо |
| **Продуктунун өзгөчөлүктөрү** | Пайыздар ай сайын төлөнөт. Кошумча төгүм киргизүү жана жарым-жартылай алуу мүмкүндүгү караштырылган эмес. |
| **Депозиттин валютасы** | KGS; USD; EUR; RUB |
| **Баштапкы төгүмдүн минималдык суммасы** | 5 000 KGS/RUB, 100 USD/EUR |
| **Кошумча төгүмдүн минималдык суммасы** | Караштырылган эмес. |
| **Мөөнөтүн узартуу** | Эгерде келишимде белгиленген датага ылайык аяктаган күнү депозит талап кылынбаса, келишим узартылбаган (пролонгацияланбаган) болуп эсептелет. Аманаттын суммасы жана кошулуп эсептелген пайыздар Аманатчынын Банктагы талап боюнча төлөнүүчү эсебинде сакталат. |
| **Мөөнөтүнөн мурда бузуу** | Депозит мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда кошулуп эсептелген пайыздар төлөнүп берилбейт. Кошулуп эсетелген жана капиталдаштырылган пайыздар Депозиттин суммасынан кемитилет. |
| **Кошумча шарттар** | Депозиттин суммасына карата пайыздарды кошуп эсептөө депозит Банкка келип түшкөн күндөн кийинки күндөн тартып башталат жана келишим аяктоочу күндөн бир күн мурда токтойт. Депозиттик эсептер боюнча пайыздарды кошуп эсептөө жана пайыздарды төлөп берүү келишимде белгиленген тартипте жана мөөнөттө жүргүзүлөт. Пайыздарды эсептөөдө бир жылдагы күндөрдүн саны 365, ал эми бир айдагы күндөрдүн саны – анык бар болгон күндөрдүн санына барабар деп эсептелет (эгерде келишимде андан башкасы каралбаган болсо).<br>Банк тарабынан аманатты кайтарып берүү депозиттин аракеттенүү мөөнөтү аяктаган күнү ишке ашырылат. Суммасы 50 000 АКШ долларынан ашкан же башка валютада ошондой эквиваленттеги депозиттерди кабыл алуу шарттары жана ошондой суммадагы аракеттеги депозиттердин шарттары Банк тарабынан жекече белгилениши мүмкүн.<br>Депозитке чет өлкө валютасындагы акча каражаттары SWIFT системасы боюнча келип түшкөндө (баштапкы сумма, толуктоо суммалары), депозит мөөнөтүнөн мурда бузулган учурда, нак акчага айландыруу үчүн ошол операция жүргүзүлгөн учурга карата Банк тарабынан колдонулуучу тарифтерге ылайык комиссия алынат. Депозиттин аракеттенүү мөөнөтү аяктаганда акча каражаттарын алууда комиссия алынбайт. Аманат 2008-жылдын 7-майындагы №78 Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндөгү мыйзамда белгиленген тартипте, өлчөмдө жана шарттарда камсыздандырылган. |
| **Талап кылынган документтер** | Паспорт, эсеп ачууга арыз, кардар-жеке адамдын анкетасы, келишим. Резидент эместер үчүн - документтердин тизмегине ылайык. |

*№1 таблица* . «Мөөнөттүү» депозити боюнча пайыздык чендер

| **Мөөнөт** | **KGS (жылдык %)** | **USD (жылдык %)** | **EUR (жылдык %)** | **RUB (жылдык %)** |
|---|---|---|---|---|
| 3 ай | 3,5% | - | - | - |
| 6 ай | 6,5% | - | - | - |
| 9 ай | 7,5% | 1,0% | 1,0% | 4,0% |
| 12 ай | 10,0% | 1,5% | 1,5% | 5,0% |
| 18 ай | 10,5% | 2,0% | 2,0% | 6,0% |
| 24 ай | 11,5% | 2,5% | 2,5% | 7,0% |
| 36 ай | 12,5% | 3,0% | 3,0% | 7,5% |